**2019-2020- окуу жылындагы №87 жалпы орто билим берүү мектебинин педагогикалык кеңешмесинин №1 протоколу**

**28.09.19.**

Күн тартибинде:

1. 2018-2019-окуу жылындагы мектепте жүргүзүлгөн усулдук жана окуу тарбиялык иштердин анализи
2. Усулдук кеңештин курамын толуктоо УБ жетекчилерин , кабинет башчыларын дайындоо
3. Мектеп жашындагы балдар жана өспүрүмдөрдү каттоо боюнча август айынын эсеби
4. Ар түрдүү маселелер

Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча ОТИ боюнча директордун орун басары – Акимбай кызы Нурия төмөнкүлөрдү билдирди. КР «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына таянып жана өткөн окуу жылынын сунуштарын эске алып №87 орто мектеби төмөндөгү милдеттердин үстүндө иш алып барды:

1. Окуучулардын билим сапатын жана иштешүүсүн жогорулатуунун үстүнөн иш алып баруу менен мектеп ичиндеги көзөмөлдү күчөтүү
2. Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талабына ылайык окуу – тарбия иштеринде жүргүзүлүүчү процесстерди өркүндөтүүнүн үстүнөн иш алып барууну улантуу
3. Билим сапатынын көрсөткүчүн көтөрүү максатында предметтик олимпиадаларга пландуу даярдыктарды көрүү, УТБ менен тыгыз иш алып баруу жана жыйынтыгын ЖРТ көрүү
4. Начарлап өздөштүргөн окуучулар үчүн чыгармачыл конкурстарга, көргөзмөлөргө жана башка иш чараларга катышууга мүмкүнчүлүк түзүү, сабакка болгон кызыгуусун тереңдетүү
5. Сабактын формасын туура тандап алуу, ар бир сабакка мугалимдин жогорку деңгээлде даярдануусу , техникалык каражаттарды максаттуу колдонуу аркылуу алуучуларды сабакка кызыктыруу
6. Окуу жайлар менен тыгыз байланышта иш алып баруу
7. Илимий изилдөөчү долбоорлорго , конкурстарга катыштыруу аркылуу окуучулардын мотивациясын жогорулатуу
8. Коомдун жана бейөкмөт уюмдар менен иш алып баруу
9. Балдар уюмунун ишин активдештирүү
10. Укук бузууну алдын – алуу иштери боюнча иш чараны күчөтүү

Ушул милдеттердин бир нечеси ийгиликтүү ишке ашырылды.
2018-2019-окуу жылында окуучулардын саны 2135 окуучуну түздү. Анын ичинен 1-4- класстар – 1088 , 5-9-класс – 946 , 10-11-класстар 101 окуучуну түздү. Балдар 1047, кыздар 1088. Жалпы 61 класс – комплект түзүлдү. 1-4-класс – 29 класс – комплект, 5-9-класста 28 класс комплект, 10-11-класста 4 класс комплект. Жыл аягында 1-4-класстарда 1075, 5-9-класстарда 337, 10-11-класстарда 99 окуучу. Жалпы 2111 окуучу аяктады. 2018-2019-окуу жылы келген окуучулардын саны 83 окуучу, алардын ичинен райондон 10, шаар мектептеринен 3, республикадан 50 окуучу келген. Кеткен окуучунун саны 88, алардын ичинен 13 окуучу район ичиндеги мектептери, 16 окуучу шаар ичинен, 54 окуучу республикалык мектептерге, 2 окуучу Р. Ф га кетишкен болсо, 2 окуучу алуу жайына тапшырып, 1 окуучу үй шартына байланыштуу ишке орношкон. (маалымдама текшерилди)
2019-2020-окуу жылына карата УБ жетекчилерин шайлоо, усулдук кеңештин курамын толуктоо, кабинет башчыларын дайындоо керектигин мектеп директору Исанова Ж.М. токтолду. Көпчүлүк мугалимдер өз ойлорун ортого салышып, татыктуу талапкерди көрсөтүштү.
Үчүнчү мектеп жашындагы балдар жана өспүрүмдөрдү каттоо боюнча жооптуу мугалим – Мусабекова Б.Б. төмөндөгүлөрдү билдирди:

Сканировано с CamScanner

Келечек конушунда жалпы 15 кочо бар. Анын ичинен 15-кочо өз ичинен 3кө бөлүнүп кетет. 15-1, 15-2, 15-3. Ар бир көчөнү кыдырууда мугалимдер көчө башчылары менен биргеликте иш алып барып кыдырышты жалпы «Келечек» конушу боюнча мектепте окуган окуучулардын саны 1003 окуучу. Ден соолукка байланыштуу үйдө, окубаган окуучулардын саны 2 башка мектепте окуган окуучулардын саны 284 окуучу.
2013-жылы туулган жашы алтыдагы (окуучулардын) балдардын саны 100.
2014-жылы туулган беш жаштагы балдардын саны 10.
Көчө кыдырган мугалимдер менен көчө башчылары биргеликте кыдырышып, дептерлерди текшеришип, бекиттиришип отчёт беришти.
Ар түрдүү маселелерде мурдагы профсоюз уюмунун төрайымы Чундунова З.М. үй-бүлөлүк шартка байланыштуу башка ишке кеткендиктен жаңы профсоюз уюмунун төрайымы шайланыш керектигин мектеп директору билдирди.
Көпчүлүк мугалимдер талапкерлерди сунушташып , алардын ичинен өзү жолу болсо да ишинен жоопкерчилик менен мамиле кылган, «Жүрөгүмдү балдарга арнаймын» кароо сынагында «Жаш мугалим» номинациясы боюнча 2-орунду алса, былтыркы окуу жылында дал ушул эле кароо сынакта «Мыкты мугалим» номинациясы боюнча райондук этапта 2-орунду, шаардык этапта 3-орунду багындырган Казакова Нургүл Өмүрбековна тандалып алынды.
**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап келип педагогикалык кеңеш төмөндөгүдөй чечим кабыл алды:**
Окуучулардын билим сапатын сапаттуу өстүрүү үчүн предметтик мугалимдердин деңгээл менен иш алып баруулары күчөтүлсүн
Педагогикалык чеберчиликти жогорулатуу максатында мугалимдер арасында өтүлүүчү ар кандай кароо сынактарга катышып, жыйынтыгы көрүлсүн
Предметтик олимпиадалардын кийинки этаптарына пландуу даярдыктар көрүлсүн, шаардын республикалык этаптарда ийгилик жаратууга аракет көрүлсүн
Сабактан тышкаркы убакта предметтик мугалимдер окуучулар менен бирдикте илимий-изилдөө иштери жүргүзүлсүн. Райондук, шаардык деңгээлдеги изилдөө долбооруна катышып, жыйынтыгы көрүлсүн
Предметтик мугалимдер бир же эки сабагынан «3» же «4» чыккан окуучулар менен жекече иш алып баруу менен билим сапаттын стабилдүү өсүүсүн камсыз кылынсын.
Сабакты начар өздөштүргөн окуучулардын билимин калыптандырууда алардын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен окутуунун жаңы натыйжалуу жолдору изилденсин.
Тарбия берүү процессинде класс жетекчилер окуучулардын социалдык абалын эске алуу менен ар бир окуучуга жекече мамиле кылышсын.
Жаш мугалимдер аларга бекитилген насаатчы мугалимдер менен тыгыз байланышта иш алып барышсын
2018-2019-окуу жылындагы мектепте жүргүзүлгөн усулдук жана окуу тарбиялык иштер «канааттандырарлык» деп табылсын.
2019-2020-окуу жылына карата төмөнкү мугалимдер усулдук бирикме жетекчилери болуп дайындалсын:
Кыргыз тили жана адабияты УБ жетекчиси – Курманбекова К.
Орус тили жана адабияты УБ жетекчиси – Элидинова Ж.Ч.
Чет тили жана адабияты УБ жетекчиси – Жолдошбек кызы Т.
Так илимдер УБ жетекчиси – Апсалиева Б.Т.
Табигый илимдер УБ жетекчиси – Наркозиева А.Т.
«Балалык», «Башталгыч класстын» УБ жетекчиси – Кыдыбаева К.А.
«Маданият» УБ жетекчиси – Сагынбеков А.Ж.
Класс жетекчилер УБ жетекчиси – Маманазарова С.Б.
2019-2020-окуу жылына карата усулдук кеңештин курамы 14 адамдан куралып, төмөндөгүдөй толукталсын:
Исанова Ж.М – Усулдук кеңештин төрайымы, мектеп директору
Сүйналиева М.М – Усулдук кеңештин катчысы, ИУИ боюнча директордун орун басары

Сканировано с CamScanner

Мүчөлөрү:

Акимбай кызы Н.
Кыдыбаева К.А.
Киркирекова Р.М.
Самсалиева А.С.
Курманбекова К.Ш.
Алидинова Ж.М.

Сагынбекова А
Апсалиева Б.Т
Наркозиева А.Т
Жолдошбек к Г
Маманазарова С.Б

2019-2020-окуу жылына карата төмөнкү мугалимдер кабинет башчылары болуп дайындалсын:
1-кабинет Нурматова Аида
3-кабинет Бейшекеева Э.
4-кабинет Шайдуллаева Г.Ө.
5-кабинет Киркирекова Р.М.
6-кабинет Сариева Ж.Т.
7-кабинет Кырмыкеева А.
8- кабинет Абдилазизова А.
9- кабинет Кыдыбаева К. А.
10- кабинет Түгөлбай к. Б.
11- кабинет Токсонбаев Э.
12- кабинет Асаркулова Г.Б.
13- кабинет Маманазарова С.Б.
14- кабинет Мусабекова Б.Б.
15- кабинет Жолдошбек кызы Т.
16- кабинет Оросканова Г.
17- кабинет Норкозиева А.Т.
18- кабинет Адамата к. Д.
19 кабинет Ишенова С. Ы.
20- кабинет Саданалиева Н.С.
21- кабинет Кабылова Д.Т.
22- кабинет Курманбекова К.Ж.
23- кабинет Сүйналиева М.М.
24- кабинет Сатыбалдиева А.
25- кабинет Исмаилова Н.
26- кабинет Тагайбек кызы Ф.
П-2 кабинет Кыдырова Б.А.
П-3 кабинет Үсөнбай кызы Ж.
П-5 кабинет Бөлөкбай кызы М.
П-6 кабинет Жакыпбекова М.
П-8 кабинет Сагынбекова А.Ж.
П-10 кабинет Киркирекова Р.М.
П-12 кабинет Жеңишбек к С
П-14 кабинет Тентиева А.К.
П-13 кабинет Асанбек кызы А.
П-15 кабинет Аралбек кызы А.

13. Жогорудагы бекитилген кабинет башчыларын, окуу кабинеттердин тазалыгы, жашылдандырылышы , дидактикалык материалдар менен толукталышы милдеттендирилсин

14. №87 жалпы орто билим берүү мектебинин профсоюз уюмунун төрайымы болуп Казакова Нургүл Өмүрбековна дайындалсын.

Пед. Кеңештин төрагасы: Исакова Ж.М

Катчы: Сүйүналиева М.М

Сканировано с CamScanner